| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**<br>**АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**<br>**ИТИКУЛ МОЛДОБАЕВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**<br>**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**<br>**СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ ИТИКУЛА МОЛДОБАЕВА** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

«01» сентябрь, 2020-жыл №43 Жерге-Тал айылы

**Аттестациялык комиссиянын курамын түзүү жөнүндө**

2020-2021-окуу жылында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин кенже кызматкерлеринин эмгектин өзгөчө шарттары үчүн кошумча үстөк акыларын аныктоого аттестациялык комиссиянын курамын түзүү боюнча **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2015-жылдагы №258 «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары коопту жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө» Токтомунун негизинде Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин кенже кызматкерлеринин эмгектин өзгөчө шарттары үчүн кошумча акыларын аныктоого аттестациялык курамы төмөндөгүдөй түзүлүп, бекитилсин.
   - Төрагасы: Ашырбеков М. – мектеп директору
   - Катчысы: Карбозова Г. – тарых мугалими
   - Мүчөлөрү: Карымшаков К. – кесиптик бирлик уюмунун төрагасы
     Д. Осмонкулова - Ак-Талаа РМСЭКБ сан. врачтын жардамчысы
     Арыкова А. – Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн бухгалтери
     Саякбаева Н. - окуу тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары
     Акунова М. – чарбалык иштер боюнча директордун орун басары
2. Түзүлгөн комиссия дыкаттык менен иш алып барып, аткарган иштеринин негизинде мектеп жетекчилигине кол коюу менен протокол түзүп берилсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырылсын.

Негизи: КРӨ 27.04.2020-№258 Токтомуна ылайык.

**Мектеп директору:** **Ашырбеков М.М.**

Аткарган :Саякбаева Н.
Жиберилди: иш кагаздарына,

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
АК-ТАЛАА РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
ИТИКУЛ МОЛДОБАЕВ АТЫНДАГЫ
ОРТО МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ
ИТИКУЛА МОЛДОБАЕВА

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

«01» сентябрь, 2020-жыл № 44 Жерге-Тал айылы

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин кенже кызматкерлеринин өзгөчө эмгектик шартта зыяндуулуктарын аныктоо жана кошумча үстөк акыларын белгилөө максатында түзүлгөн аттестациялык комиссия курамынын 01.09.2020-жылдагы отурумунун №1 Протоколун аткаруу жөнүндө**

2020-2021-окуу жылында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин кенже кызматкерлеринин эмгектин өзгөчө шарттары үчүн кошумча акыларын аныктоого аттестациялык комиссия курамынын токтомунун негизинде **буйрук кылам:**

1. Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин төмөндөгү кенже кызматкерлери:
   - Тазалоочу кызматкер:
   - Асан кызы Ж. 25%

     Сезондуу от жагуу кызматкерлери:
   - Жакыпов А. 15%
   - Кенжебаев А. 15%
   - Кулмурзаев А. 15%

     Ашпозчу:
   - Калдыбекова Г. 15%
   - эмгектин өзгөчө шарттарында иштеп жаткандыктан кошумча төлөмдөр (зыяндуулук) мыйзам чегинде төлөнүп берилсин. ( АКТ 1 баракта тиркелет)
2. Кошумча төлөмдү төлөө жагы РБББнүн бухгалтериясынан суралсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Негизи: КРӨ 27.04.2020-№258 токтомуна жана аттестациялык курамдын 01.09.2020-жылдагы №1 токтомуна ылайык.

**Мектеп директору:** **Ашырбеков М.М.**

Аткарган :Саякбаева Н.
Жиберилди: иш кагаздарына,

**АКТ**

**Зыяндуу орунду изилдөө жөнүндө**

«01» 09 2020-жыл Жерге-Тал айылы

Биз төмөндө кол коюп акт түзүүчүлөр комиссиянын төрагасы мектеп директору Ашырбеков М.М. жана комиссия мүчөлөрү: Ак-Талаа РМСЭКБ сан. врачтын жардамчысы Д. Осмонкулова, Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн бухгалтери Арыкова А., И. Молдобаев атындагы орто мектебинин кесиптик бирлик уюмунун төрагасы Карымшаков Касымбек, мектептин окуу бөлүм башчысы Саякбаева Н., мектептин катчысы Карбозова Г., мектептин чарбалык иштер боюнча директордун орун басары Акунова М. болуп акт түздүк.

Себеби; Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы айрым кенже кызматкерлердин жумуш орундарын шайкештикке келтирүү максатында санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына ылайык аттестация өткөрүүдө төмөнкүлөр аныкталды.

Мектептин штаттык бирдик боюнча жалпы кызмат орундар сезондуу 2 штатты кошкондо 12адам. Анын ичинде 5 адам эмгек шарттары оор жана зыяндуу жумуштарды аткарышат.

**1.Мектептин тазалоочу кызматкерлери:**

Мектептин ички бөлүгүнө толук тазалоо иштерин жүргүзүшөт. Мектептин жалпы аянты 540,25м$^2$ түзөт. Бир тазалоочу кызматкер эмгектенет.Ар бир тазалоочу кызматкер 429м$^2$ аянт жер тазалоого туура келет.Андан сырткары жалпы инвентарларга, терезе, эшик, дубалдарга тазалоо иштерин жүргүзүшөт.

**Ден-соолукка зыяндуу делген учурлары:**

- Денеге физикалык күч келүү
- Дайыма кир, чаңдарга аралашуу
- Колду сууга салуу
- Ар кандай жуучу каражаттарды колдонуу (самын, суюк самын, айна, дезинфекциялоо үчүн хлор)
- Биологиялык зыяндуулугу (бактерия, микробдор организмдин клеткаларына, органдарга терс таасир берүүсү, инфекциялык оорулардын коркунучтары)

**2. Мектептин ашпозчусу:**

Башталгыч класстардын 53 окуучусуна бир маал ызык тамак даярдап берүү.

**Ден-соолукка зыяндуу делген учурлары:**

- Туруксуз физикалык күч келүү, дайыма туруп иштөө
- Дайыма электромагниттик талаада жүрүүсү
- Абанын нымдуулугу, аба температурасынын жогору болуусу
- Адам денесине залака келтирүүчү, травма алып келүүчү техникалык жабдыктардын болуусу
- Жылуу, нымдуу абанын организмге терс таасир этүүсү
- Биологиялык зыяндуулугу (бактерия, микробдор организмдин клеткаларына, ор
- чандарга терс таасир берүүсү, инфекциялык оорулардын коркунучтары)
- Дайыма техникалык шумдун чыгуусу.
- Организмде функционалдык өзгөрүүлөрдүн пайда болуусу, калыбына келтирүүгө узак убакыттын керектелүүсү

**3. Мектептин от казан жагуучу кызматкери:**

Кышкы мезгилде от казанга көмүр отун жагуу менен мектептин жылуулугун камсыз кылуу, мектептин жалпы аянты 540,25м$^2$.

**Ден-соолукка зыяндуу делген учурлары:**

- Жумушчу күнү 24 саат
- Денеге физикалык күч келүү( оор көтөрүү)
- Уйкусуздук (уйку бездердин бузулуусу, башка органдарга тийгизген терс таасири)

- Электр  мотордун дайыма шум болуп туруусу.(кулак угуусуна зыян, нервдин чарчоосу)
- Абанын мерчеминен ашык өлчөмдө булгануусу
- Көмүр ташы күйүүдө уулу заттардын, газдардын чыгуусу(дем алуу органдарына, жүрөк кан тамырларына жана башка органдарга ар кандай рак ооруларын жаратуусу)

Комиссиянын жыйынтыгында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин тазалоочу, ашпозчу, от жагуучу жумуштарын аткарууда өзгөчө зыяндуу шарттагы жумуштар экендиги аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 164 жана 224-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтомунун негизинде бекитилген «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары коопту жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби» жөнүндө **Жобонун негизинде Ак-Талаа районундагы Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде эмгектенген 5** жумушчу адамга эмгек шарттары оор жана зыяндуу жумуштарды аткарып жаткандыгына байланыштуу кызматтык маянасына  тазалоочу жумуш ордуна 25%, ашпозчунун жумуш ордуна 15%, сезондуу от жагуучу жумуш ордуна 15% пайыздык кошумча төлөм мамлекет тарабынан төлөнүп берилсин.

Төрагасы: ________ Ашырбеков М.М

Катчысы: ________ Карбозова Г.

Мүчөлөрү: ________ Осмонкулова. Д.

________ Арыкова А.

________ Карымшаков К.

________ Саякбаева Н.

________ Акунова М.